үстүнө Ош шаарыбыздын үч миң жылдык мааракеси жакындап келип, анын акимдеринин бири Абдылдабекти да эске салып отурбайбы.

1865-жылы орус генералы Черняев Кокон хандыгынын карамагында турган Ташкен шаарын өзүно каратып алгандан кийин, согуш бир топко токтотулуп турулган. Бул бир жагы, эл аралык мамилелерге байланыштуу болсо, экинчиден ислам динин тутунган бул аймактагы башка мамлекеттер да бар болчу. Бухара эмираты, Хива хандыктары коңшу элге орус баскынчыларынын басып кирүүсүн кызыгуу менен карап турушкап. Бул учурда ордодо да өзгөрүүлөр болду: Алымкул аталык кан майдапда навыт болуп, бийликке Кудаярхан кайрадан келген. Ал мурдагыдай бийликти аталыктарга берип койбостон, эки тизгин бир чылбырды өз колуна алган. Мунун өзү да орус аскерлеринин илгерилеп киришин кечеңдеткен.

Бирок Кудаярхандын бийликке келиши менен деле хан ордосунда талаш-тартыштар жүрүп турган. Ошондой мезгилдердин биринде элет

мектебинен билим алдыруу менен бийлик өнөрүнөн да үйрөтө өстүргөн. Ал жаш кезинен бек тукуму катары салт-санааларды жеткиликтүү үйрөнгөн жана мезгилдин бийлик саясатын өз билимипе тутумдаштыра билген Алымбек датка мамлекеттик ишмердикке жетишип турган кезде балдары Гүлчө, Ноокат, Ош жана Өзгөн аймактарын башкарып турушкан. Алардын ичинде Абдылдабек агасы Жаркынбайдан кийинки зоболого ээ болгон. Атасы Алымбек датка өлгөндө Абдылдабек отузга чыгып, күч-кубаты жана акыл-эси тарабынан жетилип калган болчу.

1865-жылы Бухара эмири Саид Музаффардын согуштук аракети менен Кудаярхан Коконго кайрадан бийликке келет. Мурдатан эле хан энеси Жаркынайым менен алакасы бар Курманжан датка хандын бийликке келишин куттуктап барат. Ошондо хан Курманжан даткага моор ойдуруп берип, үстүнө кымкап чепкен жапкан. Мына ошол даткаларга гана кийчү кымкап чепкендин жабылышы датканыктын хан тарабынан берилиши болчу. Муну Курманжан датка боюнча айрым изилдөөчүлөрүбүз бир аз чаташтыруу менен карап жүрүшөт. Датка энебиздин 180 жылдык

ордодогу ынктын бузулушун шарттаган. Натыйжада 1873-жылы Искакты хан көтөрүшүп, анын айланасына топтолушкан.

Бул мезгилде Ош аймагын бийлеген Абдылдабек жашы жана акылы жагынан жетилип, турмуштук тажрыйбасы да байып калган эле. Бирок ушул жашында атасы жеткен саясий бийиктикке көтөрүлө элек да болчу. Оболу 1822-жылы Мадали хандын тактыга отургузуудагы бийлик талашуу окуясына катышып, Ошко аким болгон. 1845-жылдардагы Алай калкынын хан ордосуна карата нааразычылыгынан кийин Анжыян беги сыяктуу бийлик мунарасына улам бийиктеп жүрүп отурган атасы Алымбектин таасирин алган Абдылдабек Исках менен бирге болуп, анын аскер башчылыгына чейинки деңгээлге жеткен. Жаштайынан диний түшүнүккө калыптанып, Ата Журтун орус баскынчылары каптап турганы патриоттук сезимин ойготкон. Атуулдук ар-намысын күчөткөн. Бийликтин жаңы системасын курууга дилгирлентип, ал үчүн бардык жан-дүйнөсү менен аракеттенүүсүн шарттаган.

Искахтын бийликке толук жана биротоло келиши үчүн Абдылдабек мүмкүнчү-

сыяктуу инсандар Сибирге сүргүнгө жиберилген.

Өз өмүрүн баскынчыларга каршы күрөшкө арнаган Абдылдабек көтөрүлүштү андан ары уланта берген. Ал орус төбөлдөрүнүн көздөгөн максатын мыкты түшүнгөн, алардан жеңилерин билсе да багынып берүүнү чыккынчылык катары санаган. 1876-жылдын жаз айында Алайдын Жаңырык капчыгайында орус аскерлери менен катуу кармашуу болгон. Жаңырык эки жагынан бийик зоолор менен тосулуп, ортосунан чоң дайра агып, коргонууга ыңгайлуу эле. 25-апрелде орус аскер жетекчилери Ионов менен Витгенштейн тарабынан курчоого алынган. Бул беттешүүдө Абдылдабектин кошуну талкаланып калат. Жергиликтүү калк үчүн согушууга ыңгайлуу Жаңырыктын сыры жергиликтүү чыккынчылар тарабынан дагы бир жолу орус аскерлерине жеткирилип коюлат. Натыйжада эки атчан катар бастырса өтө албай турган капчыгай оозундагы салгылашуу көтөрүлүшчүлөр үчүн жеңилүү менен аяктаган.

Орус жетекчилери Алайдагы салгылашууну анча каалаган эмес, жер шартынан коркушкан. Ошол себептүү Абдылдабекке багынып берүү

Журтуна алынып келинет. Айтымдарга караганда, Абдылдабек каза болгон 1876-жылда ал кырк бир жашта экенине ынанып жатабыз. Мунун дагы бир жүйөөлүү себеби, тарыхый улуу инсандын туулган жылы анын чебереси, академик М.Адышевдин юбилейин белгилөө жылдарына туура келишин да көздөдүк.

Абдылдабектин Оштун акими болуп турган мезгил ичинде шаарды өнүктүрүү боюнча жүргүзгөн иштери тууралуу маалыматтар эл ичинде анча калбаптыр. Ошондой болсо да, атасынан калган мечит, медреселерин кастарлап кароого, соода-сатык иштерин жүргүзүүдө керектүү курулуштарды жасоодо өз учурунун ишмери катары баалай кетсенибиз да оңдур. Жыйынтыктап айтканда, Абдылдабек Алымбек уулу өз элинин патриоту. Атасы сыяктуу кыргыз элинин биримдигин көздөп, эски феодалдык коомдун терс жактарын көрө билген, саясий көз карашы жогору турган инсан. Ага колонизаторлордун сунуштаган бийлиги эмес, Ата Мекендин бүтүндүгү керектелүүчү саясий ишмер.

Шарабидин Аматов,
Алай району

